## Асыл жергем

**Сөзү - Ажыканова Элмира**
**Обону- Бөкөтаев Кенжебек**

Кезип өтүп казактын кең талаасын,
Жандап өтүп Жамбыл деген калаасын.
Күн төгүлгөн күнөс жерге келатам
Амансыңбы, асыл жергем Таласым?!

Терезеден кирген жумшак жел тааныш,
Талаа-түздөр, тамеки өскөн жер тааныш.
Машинени жандап учат куштары
Көзгө жылуу көлмөлөрдө топ камыш.

Ат араба үйдөй чөптү батырып,
Үстүндө чал тизгин силкет акырын.
Кулачтарын кере шилтеп үч жигит
Чалгы менен беде чаап жатыры.

Терезеден чапкан чөптүн жыты уруп,
Топ таранчы дүр-р деп учат утуру.
Касиеттүү кенен пейил кемпирлер
Олтурушат, кийгендери жупуну.

Көңүл жибип, көзүмө жаш аламын,
Менден мурда кубанчын айт баламдын.
-Жеттик апа, – деп таркылайт жеңимден
Жел менен бүт тарап учат саламым.

Кайран Талас! Касиеттүү жергемсиң!
Бактылуу бир балалыкты бергенсиң.
Токоюңа, аккан сууңа, абаңа
Кайсыл жердин касиети тең келсин.